## ТҮМӨНБАЙ КОЛДОШОВДУН 2007-ЖЫЛДАН БЕРИ ЖАЗГАН ОБОНДОРУНУН ТЕКСТТЕРИ

Кедейлердин кара кепесинде жаралган ырды хан,
падышалардын аксарайларында ырдашат.
**Расул Гамзатов**

### КҮЛСӨҢЧҮ ЖАНЫМ

Сөзү, обону Түмөнбай Колдошовдуку
2007-жыл.

Көчөдө күлүп баратсаң жаным,
Көздөрүң сулуу каратат жаным.
Кундуздай чачың желге эркелейт,
Катарлаш бирге басалы жаным.

Сүйүүнүн кулу Мажнун мен болсом,
Сүйүп бир жүргөн Лайли сен болсоң.
Бакчада өскөн гүл болсоң эгер,
Булбул куш болуп шагыңа консом.

Жаңырган айбы чийилген кашың,
Жел менен ойнойт кара түн чачың.
Махабат ырын ырдасам сага,
Мажүрүм талдай уялдың жаным.

Түнкүсүн сага ай, жылдыз ашык,
Таң эртең көрүп Күн дагы ашык.
Табигат берген сулуулук сенде,
Таалайлуу сүйүү издесең менде.

Дагы бир жолу күлсөңчү жаным,
Дабаасы болуп сүйүүнүн жаным.
Бакыттын кушу сендеби эркем,
Бактына кимдин жаралдың экен?